УДК:378.147.01

*Абдиев К.Р., к.п.н., доцент, Эралиева Ж.*
*Ошский государственный университет*

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ОБУЧЕНИЯ МОРФЕМНОМУ АНАЛИЗУ ПРИ ФООРМИРОВАНИИ ДВУЯЗЫЧИЯ

# КОШ ТИЛДҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУДА МОРФЕМАЛЫК АНАЛИЗДИ ҮЙРӨТҮҮНҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

# PSYCHOLOGICAL BASES OF TEACHING MORPHEMIC ANALYSIS WHEN FOORMYING BILINGUES

***Аннотация:*** *В статье речь идёт о писхологических основах формирования навыков распознавания местонахождения морфем в составе слова при обучении второму языку в рамках формирования двуязычия у учаөихся начальных классов.*

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстардын окуучуларында кош тилдүүлүктү калыптандыруу алкагында экинчи тилди үйрөтүүдө сөз курамындагы морфемалардын ордун билүү көндүмдөрүн калыптандыруунун психологиялык негиздери жөнүндө сөз болот.*

***Annotation.*** *The article deals with the writing-based principles of the formation of skills for recognizing the location of morphemes in the composition of a word when teaching a second language as part of the formation of bilingualism among primary schoolchildren.*

***Ключевые слова:*** *навыки говорения, психологические основы, речевая деятельность, состав слова, морфема.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *сүйлөө көндүмдөрү, психологиялык негиз, кеп ишмердүүлүгү, сөз курамы, морфема.*

***Key words:*** *speaking skills, psychological foundations, speech activity, word composition, morpheme.*

Психология илиминде тилди билүү инсанды калыптандыруунун бир кыры катары эсептелет. Психология карым-катыш процесстерин, бала куракта кепти үйрөнүүнүн закон ченемдүүлүктөрүн, кеп механизмедрин , кеп ишмердүүлүгүнүн механизмдерин, абалнын тилге карата жөндөмүнүн калыптануусун ж.б. иликтейт.

Тилди үйрөтүү методикасында негизинде кептик билгичтиктер менен көндүмдөр, грамматиканын закондорун өздөштүрүү, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү сыяктуу факторлорду камтыган психологиялык феномен жаткан маселелерди иштеп чыгуу абдан зор мааниге ээ.

Сөз жасоону окутууда Л.С.Выготскийдин психикалык фукнцияларды өнүктүрүү жөнүндөгү маданий-тарыхый концепциясына, ошондой эле Л.И.Айдарова, Д.Н.Богоявленский, С.Ф.Жуйков, И.А.Зимняя, А.А.Леонтьев, Р.С.Немов, Л.П.Федоренко, Д.Б.Эльконин сыяктуу окумуштуу педагог, психологдордун психологиялык жана психолингвистикалык изилдөөлөрүнө таянууга болот.

Психологиялык изилдөөлөрдө белгиленгендей, мектептеги кенже курак өнүгүүнүн олуттуу резервине ээ. Бул куракта оюн ишмердүүлүгү көбүрөөк орунду ээлейт, анктен и ал кечээ эле баланын өнүгүүсүндө жетектөөчү роль ойногон. Ошол эле учурда «балдардын жаңы ишмердүүлүгүндө зарыл болгон таанып-билүү процесстеринин (кабылдоо, көңүл буруу, эстутум, кыялдануу, ойлом жана кеп) негизги адламдык мүнөздөмөлөрү бышыкталып, өнүгө баштайт» [8,б.130]. Анын үстүнө кенже мектеп жаш курагы үчүн баланын көңүл буруусунун өз алдынча боло башташы мүнөздүү, бирок бир топ убакытка чейин ал өз алдынча эмес көңүл буруу менен атаандаштыкта болот. «Балдарда өз алдынча көңүл буруунун көлөмү менен туруктуулугу, алмашуусу менен концентрациясы IV класска карата дээрлик чоң адамдардыкындай, алмашуусу болсо чоң адамдардыкынан да жогору болот» [8,б.130].

Мектепке кирип, балдар алар үчүн жаңы болуп саналган окуу-таанып-билүү ишмердүүлүгүнө кошулат, бул болсо алардан физикалык жана акыл эмгеги жактан олутуу күч-аракетти талап кылат. Ушуга байланыштуу психологдор маанилүү эки маселени чечүү

зарылдыгын баса белгилешет (Р.С.Немов): 1) балдарды мектепте жана үйдө иштөөгө адаптациялоо; 2) балдардын мектепке карата даярдыгы өнүтүнөн теңднштирүү. Бул милдеттерди, айрыкча экинчисин чечүү эки же андан көп тил үйрөнүүчү класстар үчүн абдан маанилүү. Окуучулар балдар бакчасындагы даярдыгы болсо да, болбосо да, эне тилинен сырткары орус тилин, чет тилин үйрөнө башташат. Ошондуктан мугалим үчүн кепти өздөштүрүүнүн психологиялык закон ченемдүүлүктөрүн билүү маанилүү.

А.Н.Гвоздёвдун "Вопросы изучения детской речи" [2] аттуу эмгеги баланын кебинде грамматикалык категориялардын, формалардын жана синтаксистик конструкциялардын пайда болуу процессин изилдеген алгачкы фундаменталдуу эмгек болуп саналат.

Кеп өстүрүүдө сөз курамын практикалык негизде билүү чоң мааниге ээ, андыктан балдардын сөз курамын билүүсү сөздөрдүн семантикалык-структуралык катышын билүүсүн көздөйт.

Сөздүн морфемалык курамын үйрөнүү менен балдарда В результате изучения морфемного состава слова формируются у детей такие специфические умения, как «уңгунун, куранды мүчөнүн семантикалык маанисин анын лексикалык маанисинен абстракциялоо, сөздөгү маанилик бөлүктөрдү (морфемаларды) бөлүп көрсөтүү, сөздөрдү семантикалык-структуралык жалпылыгын жана айрымасын аяыктоо максатында аларды салыштыруу билгичтиктери калыптанат» [6,б.227].

Баланын сөздөрдүн маанисин өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн изилдеген А.Р.Лурия окуучулардын сөз байлыгын арттырууда морфологиялык белгилердин ролу зор экендигин баса белгилейт: «Сөздүн дал ушул дифференциациялоочу морфологиялык белгилерин билүүнүн артында сөз байлыгын арттыруу жатат» [5,б.113]. Сөздөрдүн мофрфологиялык белгилери – бул алардын сөз түркүмүнө же категорияларга таандыктыгын билдирүүчү белгилер. Ушул белгилерди көрсөтүү менен А.Р.Лурия белгилегендей, морфемалар тигил же бул сөздүн маанилерин камтыган элемент катары баланын эстутумунда сакталып калат. Мисалы, -*ча* мүчөсү кичинекей предмет же буюм менен ассоциацияланат (*баштыкча, кутуча, китепче, чөнтөкчө* ж.б.). Ошондуктан, башталгыч класстын мугалими балдар билген айрым морфемалардын маанилери жөнүндөгү билимдерин жана түшүнүктөрүн коррекциялай билүүгө милдеттүү.

Изилдөөбүздүн максатына ылайык орус тили Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин башталгыч класстарынан тартып экинчи тил катары окутуларын айтууга тийишпиз. Мында экинчи тилди үйрөтүүнүн психологиялык закон ченемдүүлүктөрү зор роль ойнойт.

Экинчи тилди үйрөтүү окуучулардын психологиялык абалы, жөндөмдүүлүктөрү, өткөндөгү тажрыйбасы, индивид, мугалимдин өзгөчөлүктөрү, окутуунун методдору менен каражаттары, карым-катыш чөйрөсү сыяктуу факторлор менен аныкталат.

И.А.Зимняя өз изилдөөсүндө [4,б.147-149] чет (экинчи) тилде сүйлөө көндүмдөрүнүн төмөнкүдөй психологиялык өбөлгөлөрүн бөлүп көрсөтөт:

1) ар бир кептик кыймылдын окуучулар тарабынан аткарылуусунун максат багыттуулугу;

2) ушул көрүнүштүн жана анын элементтерин аткаруу программасынын маңызын аңдап-сезүүсү жана түшүнүүсү;

3) көнүгүүлөрдү убакыт ичинде туура бөлүштүрүү.

Сүйлөө көндүмдөрмүз болбостугу жалпыга маалым. Көндүмдөр –сүйлөөнү камсыздоочу компоненттердин бири. Кеп ишмердүүлүгү «жок дегенде үч фактордун – тил бирдиктерин жана алардын айкашуу эрежелерин **билүү,** бул бирдиктерди жана эрежелерди пайдалануу **көндүмдөрү**, жаңы кырдаалды жаңы ойду туюндуруу үчүн болгон билимдерин пайдалануу билгичтиги – менен аныкталат» [5,б.142]. Ушул факторлордун биринин эле жок болуп калышы кеп ишмердүүлүгүн үзгүлтүккө учуратат.

Чет (экинчи) тилде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу процессин изилдөөдө психологдор В.А.Артемов менен Б.В.Беляев тарабынан экинчи чыгармачылык билгичтик түшүнүгү киргизилген, мунун маңызы “адамдын ойду тилдик каражаттар аркылуу

туюндуруу жөндөмдүүлүгүндө турат. Ал иш-аракеттин программасын, тилдик каражаттарды, ойду калыптандыруу жана туюндуруу ыкмаларын билүүгө негизделет да, зарыл болгон сөздөрдү тандоо жана игеп алуу процессинде ишке ашырылат …"[4,б.144].

Ошентип, сүйлөөчү сөздү тандоону морфологиялык эрежелердин негизинде жүзөгө ашырат. Демек, сөздү туура тандоону жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө морфемалык анализди үйрөтүү өбөлгө болот, мында окуучударда морфемалардын сөз курамындагы орду тууралуу түшүнүк калыптанып, бекемделет. Андан аркы кабарлоону түзүү үчүн окуучу, Н.И.Жинкин белгилегенге ылайык, андан кийинки синтаксистик, семантикалык жана логикалык операцияларга өтөт.

Экинчи тилди үйрөтүүдө мугалим окуучулардын жаш курагын да эстен чыгарбоого тийиш. Баланын билимди өздөштүрүүсүнү куррактык мүмкүнчүлүктөрү Д.Б.Эльконин [9], В.В.Давыдов [3] жана башка окумуштуулар тарабынан изилденген. Ушуга байланыштуу Л.С.Выготский эрте жаш куррактагы эстутумдун тил үйрөнүү үчүн артыкчылыгын белгилөө менен, мындай деген: “Эрте жаш куракта балдарды бир нече чет тилдери менен тааныштыруу аркылуу тарбиялоо практикасы көрсөткөндөй, эк-үч чет тилди үйрөнүү алардын ар бирин үйрөнүүнү кечеңдетпейт” [1,б.158]. Ушундан белгилүү болгондой, сабактарда тилди үйрөтүүнү туура уюштуруу балдар үйрөнүп жаткан тилди ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө өбөлгө болот.

**Адабияттар:**

1. Выготский Л.С. Память и ее развитие в детском возрасте // Хрестоматия по общей психологии: Психология памяти / Под ред. Ю.Б.Гиппенрейтер, В.Я.Романова. – М.: Изд-во Моск. унив-та, 1979. – С.272.

2. Гвоздев А.Н Вопросы изучения детской речи. –М.: АПН РСФСР, 1961. – С.471.

3. Давыдов В.В. Проблемы развивающего обучения: Опыт теоретического и экспериментального психологич. исследования: М.:Педагогика,1986.– С.240.

4. Зимняя И.А. Психологические аспекты обучения говорению на иностранном языке. –М.: Просвещение, 1985. – С.160

5. Лурия А.Р. Курс общей психологии. Мышление и речь: Лекции 1-6. – МГУ, 1970. – С.143

6. Львов М.Р., Рамзаева Т.Г., Светловская Н.Н. Методика обучения русскому языку в начальных классах.–2-е изд.,перераб. -М.:Просвещение,1987.– С.415.

7. Миңбаев К. Психология. – Ош, 1993. – б.144

8. Немов Р.С. Психология: В 3-х кн.: Книга 2. – Психология образования. –2-е изд., М.: Владос, 1995.- С.496.

9. Эльконин Д.Б. Психическое развитие в детских возрастах: Избранные психологические труды. –М., 1995. – С.414.